**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Сулайманова Мээримдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

5-август 2013-жыл Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, курамында : А.О.Нарынбекова, Э.Ж.Өскөнбаев, К.С. Сооронкулова, катчы М.Ж.Азарованын катышуусунда жаран Сулайманова Мээримдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 9-январь 2013-жылдагы токтомун алып салууну жана жарандык иш боюнча калыс чечим кабыл алууну сураган арызын карап,

**т а п т ы :**

Жаран Сулайманова Мээрим Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына арыз менен кайрылып,анда турак үйдүн жанындагы жер үлүшүн пайдалануу боюнча кабыл алынган жергиликтүү соттордун чечимдерин жана Жогорку соттун 9-январь 2013-жылдагы токтомун изилдеп, жарандык иш боюнча калыс чечим кабыл алып берүүнү суранган.

Судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28 беренесинин 2 бөлүгүнүн негизинде кайрылууну текшерген судья А.О.Нарынбекованын маалыматын угуп, арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келди.

Конституциялык палата, конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама каршы келген учурда,аларды конституциялык эмес деп табуу жөнүндө маселелерди карайт.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун чечимдери жана Жогорку сотунун токтомдору мыйзам же башка ченемдик

укуктук акты болуп эсептелбейт жана өзүнүн таризи жана мазмуну боюнча Конституциялык палатанын кароосуна жатпайт.

Жогоркулардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4- пунктун жана 5-пунктун жетекчиликке алып судьялар коллегиясы,

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран Сулайманова Мээримдин арызы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2.Арыз жана ага тиркелген материалдар М.Сулаймановага кайтарылып берилсин.

3.Аныктамага Конституциялык палатага даттанууга болот.

Судьялар коллегиясы : Нарынбекова А.О.

Сооронкулова К.С.

Өсконбаев Э.Ж.